**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №106** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жергиликтүү бюжетин бекитүү жана 2025-2026-жылдарга божомолдуу долбоорун жактыруу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майында кабыл алынган №59 “Бюджет Кодексинин” негизинде түзүлүп, экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновдун билдирүүсүн угуп, бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун эске алып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

**1.**. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүмү 32 833,3 мин сом өлчөмүндө №1-тиркемеге ылайык, чыгашалар бөлүгү 32 833,3 мин сом өлчөмүндө №2-тиркемемеге ылайык бекитилсин

**2.** Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн негизги параметрлеринин болжолу 2025-жылдын кирешелер жана чыгашалар бөлүгү 35 104,0 мин сом өлчөмүндө №3 тиркемеге ылайык жактырылсын, 2026-жылдын кирешелер жана чыгашалар бөлүгү мин 36 970,0 сом өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык жактырылсын.

**3.** Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте корголгон беренелер (эмгек акы, социалдык фондко чегерүүлөр, коммуналдык чыгымдар) боюнча жүргүзүлсүн.

**4.** Чыгымдардын корголгон беренелерине каралган каражаттар штат бирдиктери жана ченемдик-укуктук актылардын өзгөргөн учурларда кыскартылышы же көбөйтүлүүсү эске алынсын.

**5.** Бюджеттик жана атайын каражаттар казыналык аркылуу өтүү менен иштетилсин.

**6.** Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджети 2024-жылдын 1-январынан баштап ишке киргизилсин.

**7.** Салыктык жыйымдардын аткарылышын, акча каражатарынын айыл өкмөтүнүн эсебине түшүүсүн көзөмөлдөө, кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн аткарылышы боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирисин.

**8.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №107** **Жениш айылы.**

**“Исхак-Полотхан айыл өкмөтүндө муниципалдык менчигинде турган мүлктү эсептен чыгаруунун тартиби жөнүндө” Жобону бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги отуз экинчи сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 09.01.2024-жылдагы №01-10/14 сунуш катын талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1.“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

2. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн “Муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартиби жөнүндөгү Жобо бекитилсин.

3. Жобону жетекчиликке жана аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жоопту катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ<br>Iskhak_polothan@mail.ru | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>Iskhak_polothan@mail.ru |
|---|---|---|

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл. ТОКТОМ №108 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан жайыттан пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жыл үчүн иш планын жана бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү" Мыйзамынын 4-беренесине ылайык Баткен облусунун Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин сессиясынын отуруму жайыт жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруунун жана пайдаланууну камсыз кылуу максатында жылдык иш-планын жана бюджетин талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан жайыттан пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жылдын иш-планы, киреше бөлүгү 310,2 мин сом, чыгаша бөлүгү 410,2 мин сом өлчөмүндө бюджети жана жайыттарды пайдалангандык үчүн тарифтер бекитилсин.

2. Жайыттан пайдалануучулар бирикмесине жана анын аткаруу органы Жайыт комитетине жайыт жерлерин башкарууну жана пайдаланууну жергиликтүү кеңеш тарабынан расмий бекитилген жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын көп жылдык жана бир жылдык иш-пландарынын негизинде гана жүргүзүлүүсү милдеттендирилсин.

3. Жайыт комитетинин башчысы Жайыт комитетинин бардык мүчөлөрүнө жайыт пайдалануучуларга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жайыттарды башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жана анын жергиликтүү расмий өкүлчүлүктөрүнө жайыт пайдалануучулар бирикмесинин Уставына жана бекитилген пландарга ылайык өз убагында толугу менен тийиштүү отчетторду, маалыматтарды берүүгө милдеттендирилсин.

4. Жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча аткарыла турган бардык иш чаралар Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү" Мыйзамынын негизинде жүргүзүү милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго жүктөлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №109** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн Улуттук тазалык күнүнө карата иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги отуз үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндөгү” 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгы жетекчиликке алынсын.

2.Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 26.09.2022-жылдагы №01-15/314-б буйругу аткарууга алынсын.

3.Исхак-Полотхан айыл аймагында Улуттук тазалык күнү жыл сайын сентябрь жана апрель айларынын үчүнчү ишембисинде белгиленип өткөрүлсүн.

4.Тиричилик калдыктарын кайра иштетүү боюнча ишкана куруу үчүн жеке ишкерлер жана башка уюмдар менен биргеликте инвестиция тартуу багытында иш алып баруу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

5.Исхак-Полотхан айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн Улуттук тазалык күнү жана 2024-2026-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын кайрадан иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-чаралар планы бекитилсин.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №110** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык өнүгүү программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги отуз үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 15.01.2024-жылдагы №01-10/59 катын талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык Өнүгүү программасына өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбоорунун алкагында 11 760 000 сом акча каражатына буровой машина сатып алуу сунушталгандыктан Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык Өнүгүү программасына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип бекитилсин.

3. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-2028-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык Өнүгүү программасын ишке ашыруу боюнча иш алып баруу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигининин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл. ТОКТОМ №111 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн алдында “Таза суу” муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги отуз үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1.Халмион айылдык кенешинин 16.08.2022-жылдагы №41 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

2.Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрында кабыл алынган Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү № 123 Мыйзамынын 65 беренесинине ылайык Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн алдында “Таза суу “ муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берилсин.

3. Токтомду аткарууга алуу, “Таза суу” муниципалдык ишканасын уюштуруу, Уставын иштеп чыгып бекитүү, каржылык, материалдык-техникалык базасын уюштуруу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №112** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылы социалдык экономикалык өнүгүү багытында аткарган иштери боюнча отчетун бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновдун маалыматын талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кенеши токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылы социалдык-экономикалык өнүгүү багытында аткарган иштери боюнча отчету бекитилсин.

2. Сессиянын жүрушундө айтылган сын, сунуштар эске алынсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жуктолсун.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясы**

**16.01. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №113** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтү тарабынан сунушталган долбоорлорго өздүк салым кошууга макулдук берүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын жетинчи чакырылыш кезектеги отуз үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновдун сунушун талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кенеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтү тарабынан 2024-жылда инвестиция тартуу үчүн өздүк салымдарды кошууга №1 тиркемеге ылайык макулдук берилсин.
2. Токтомду аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жуктолсун.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Кожонов З.Ы.**